***ЭКОЛОГИЯ ИЛИМДЕРИ***
***ЭКОЛОГИЧЕСКИЕ НАУКИ***
***ECOLOGICAL SCIENCES***

***DOI:10.26104/NNTIK.2023.47.24.012***

***Ташев А.П., Жусупова Ш.К., Калыков Б.О.***

# АЗЫРКЫ ЖАЙЫТТАРДЫН ТРАГЕДИЯСЫ ЭКОЛОГИЯЛЫК КӨЙГӨЙ КАТАРЫНДА

***Ташев А.П., Жусупова Ш.К. Калыков Б.О.***

# НЫНЕШНАЯ ТРАГЕДИЯ ПАСТБИЩ КАК ЭКОЛОГИЧЕСКАЯ КАТАСТРОФА

***A. Tashev, Sh. Jusupova, B. Kalykov***

# THE CURRENT TRAGEDY OF PASTURES AS AN ECOLOGICAL DISASTER

*УДК: 57*

*Макала азыркы мезгилдеги ар бир райондордогу айылдык округдардын аймагындагы жайыттарды пайдалануу туура уюшулбагандыгы жөнүндө жазылат. Кыргызстандын эли үчүн, өзгөчө өлкөнүн калкынын жалпы санынын үчтөн экисине жакын бөлүгүн түзүүчү айыл калкынын материалдык жетишкендигин камсыздоодо артыкчылыктуу фактор болгон малды көбөйтүү, багуу үчүн жайыттардын коомдук мааниси абдан чоң. Демек, айыл чарбаларынын андан ары өнүгүшү, дыйкан жана фермерлердин кирешесинин өсүшү жайыт ресурстарын натыйжалуу жана сарамжалдуу пайдаланууга түздөн-түз, көз каранды болот. Жайыттарды коргоо жана сарамжалдуу пайдалануу экологиялык көйгөй катарында мамиле жасоо ар бирибиздин ыйык милдетибиз. Жайыттарды туура пайдалануу жайыт комитеттери менен биргеликте малдын санын эске алуу менен пайдаланууну уюштуруу керек. Жакынкы жайыттарга мал жандыктарынын көп чыгышы, тоюттардын тез түгөнүшүнө, топурак кыртышынын бузулушуна жана анын биомассасына тескери таасирин тийгизүүдө. Жашыл экономика програмасынын алкагында малдын санын азайтып, жайыттарды башка максатта иштетип түрдүү кирешелерди тапсак болоор эле. Мисалы: балчылык, эс алуучу жайлар, туризм ж.б.*

***Негизги сөздөр:*** *жайыт, экология, трагедия, эрозия, көйгөй, биомасса, биоценоз, биогеоценоз.*

*В статье речь идет о неправильной организации использования пастбищ на территории сельских округов в каждом районе. Для кыргызстанцев, особенно для сельского населения, составляющего около двух третей всего населения страны, пастбища имеют большое социальное значение для разведения скота, что является приоритетным фактором в обеспечении материального благополучия. Поэтому дальнейшее развитие сельского хозяйства, увеличение доходов фермеров и фермеров напрямую связано с эффективным и рациональным использованием пастбищных ресурсов. зависит от. Подходить к охране и рациональному использованию пастбищ как к экологической проблеме – священный долг каждого из нас. Правильное использование пастбищ должно быть организовано во взаимодействии с пастбищными комитетами с учетом поголовья скота. Большое количество животных на близлежащих пастбищах негативно сказывается на быстром истощении кормов, порче почвы и ее биомассы. В рамках программы зеленой экономики мы могли бы сократить поголовье скота и использовать пастбища для других целей, чтобы получать разные доходы. Например: пчеловодство, базы отдыха, туризм и т.д.*

***Ключевые слова:*** *пастбища, экология, трагедия, эрозия, проблема, биомасса, биоценоз, биогеоценоз.*

*The article is about the improper organization of the use of pastures on the territory of rural districts in each district. For the people of Kyrgyzstan, especially for the rural population, which makes up about two-thirds of the country's total population, pastures have a great social value for raising livestock, which is a priority factor in ensuring material success. Therefore, the further development of agriculture, the increase in the income of farmers and farmers is directly related to the effective and efficient use of pasture resources. is directly dependent on effective and efficient use of resources. It is the sacred duty of each of us to approach the protection and rational use of pastures as an ecological problem. Proper use of pastures should be organized in cooperation with pasture committees, taking into account the number of livestock. The large number of animals in the nearby pastures has a negative effect on the rapid depletion of fodder, damage to the soil and its biomass. Within the framework of the green economy program, we could reduce the number of livestock and use pastures for other purposes to earn different incomes. For example: beekeeping, recreation centers, tourism, etc.*

***Key words:*** *pastures, ecology, tragedy, erosion, problem, biomass, biocenosis, biogeocenosis.*

Кыргыз Республикасынын Конститутциясына ылайык жер жана анын байлыктары суулар, токойлор, өсүмдүк, жаныбарлар дүйнөсү жана башка жаратылыш ресурстары мамлекеттин менчиги болуп эсептелип, аларды коргоо жана сарамжалдуу пайдалануу экологиялык көйгөй катарында мамиле жасоо ар бирибиздин ыйык милдетибиз. Экология илими ар түрдүү деңгээлдеги биологиялык системалардын (глобалдык системалардан баштап экосистемалык, биоценоздук, популяциялык жана организмдик ) бири-бири менен болгон тыгыз байланыштарын жана алардын пайда болуу, өрчүү, өзгөрүү жана калыбына келтирүү закон ченемдүүлүктөрүн изилдейт. Жер – менчиктин жеке, муниципалдык жана башка формаларына таандык болсо, жайыттар мамлекеттик менчик түрүнө ки-

рет. Жайыт бир нече жылга эмгек келишиминин негизинде фермерлерге, жеке адамдарга арендага берүүгө болот.

Кыргызстандын эли үчүн, өзгөчө өлкөнүн калкынын жалпы санынын үчтөн экисине жакын бөлүгүн тү-зүүчү айыл калкынын материалдык жетишкендигин камсыздоодо артыкчылыктуу фактор болгон малды көбөйтүү багуу үчүн жайыттардын коомдук мааниси абдан чоң. Демек, айыл чарбаларынын андан ары өнүгүшү, дыйкан жана фермерлердин кирешесинин өсүшү жайыт ресурстарын натыйжалуу жана сарамжалдуу пайдаланууга түздөн-түз, көз каранды болот. Жайыттарды коргоо жана сарамжалдуу пайдалануу экологиялык көйгөй катарында мамиле жасоо ар бирибиздин ыйык милдетибиз. Жайыттарды туура пайдалануу жайыт комитеттери менен биргеликте жазгы, жайкы, күзгү кышкы жайыттарда малдын санын эске алуу менен пайдаланууну уюштуруу керек башкача айтканда сандан сапатка өтүү зарыл. Жакынкы жайыттарга мал жандыктарынын көп чыгышы тоюттардын тез түгөнүшүнө, топурак кыртышынын бузулушуна жана анын биомассасына тескери таасирин тийгизүүдө.

Кыргызстанда жер ресурстарын, анын ичинде жайыт ресурстарын башкаруу жаатында мыйзам базасы түзүлгөн; адамдын ден соолугун жана адамдын таза айлана-чөйрөгө болгон табигый укуктарын коргоо артыкчылыгы менен социалдык, экологиялык жана экономикалык кызыкчылыктардын илимий негизделген айкалышын камсыз кылууда жаратылыш ресурстарын пайдалануунун укуктук негизи жана кепилдиктерин контролдоо зарыл. Экологиялык проблема катарында кишинин иш аракеттери жаратылыш биоценоздоруна тескери таасирин тийгизүүдө. Атап айтсак, эң көйгөйлүү маселе болуп жайыт маселелерин туура жолго койбогондугубузда. Жайыт мамлекеттик менчик болгондуктан айылдык калкынын материалдык жетишкендигин камсыздоо мал чарбачылыгын көбөйтүү жана багуу үчүн жайыттардын коомдук мааниси баса белгиленет. Айыл чарбасынын жана мал чарбасынын андан ары өнүгүшү, дыйкан жана фермерлердин кирешесинин өсүшү жайыт ресурстарын натыйжалуу жана сарамжалдуу пайдаланууга түздөн-түз көз каранды. Жайыттарды туура сарамжалдуу пайдаланууну туура жолго коюу ар бир айыл өкмөттөрүнүн жайыт комитеттерине жана аны контролдоо райондук жайыт комитеттерине тийиштүү.

Жайыт маселесинин негизги экологиялык көйгөйү болуп жайыт комитеттеринин туура иштебөөсүнөн болуп жатат, атап айтсак чындыкка жакын келээр эле Кадамжай районунунун Майдан айылдык комитетинин аймагындагы Исфайрам дарыясынын оң жана сол жагындагы жайлоолордогу жайыттарга Майдан айылдык округунун 13 айылынын калкынын малдары, мындан башка Үч Коргон, А. Масалиев, Айрыбаз айыл өкмөттөрүнүн жана Кызыл-Кыя шаарындагы элдеринин ири жана майда мүйүздүү малдарын жергиликтүү айылдын малчы, койчулары ашыкча санда алып багуусу жанды, жерди кейитет. Жанды кейиткен жергиликтүү калтын малдарынын арык келүүсү жана кээ бирки өсүмдүк биомассасынын төмөндөшү, жаныбарлардын популяцияларынын жыштыгына тескери таасири. Жерди кейиткени жер кыртышынын бузулушу же эрозияга дуушар болуусу. Майда мүйүздүү малдар айрыкча эчкилер бадал өсүмдүктөрүнүн негизги душманы. Ал эми ири мүйүздүү малдар айрыкча кургакчылык жылдарында топурак кыртышынын бузулушуна өсүмдүктөрдүн түрлөрүнүн санынын азайышына алып келүүдө. Уйлардын оозу эмес буту жейт дегенге аргасыз ынаанууга алып келет.

Кыргыз Республикасынын жер аянтынын 45 пайызын жайыт жерлер түзөт. Алардын көпчүлүгү калк отурукташкан айылдардан алыс жайгашкандыктан ал жерлерди жазгы, жайкы жайыт катарында пайдаланышпай жатышат. Мындай көрүнүш жергебиздин бардык райондордун айыл аймак, региондорунда окшош көрүнүш. Азыркы мезгилде малдын санынын көбөйүшү жана табигый мал багуучу жерлердин начарлашы жайыттарды ашыкча оорчулукка алып келүүдө. Жайыттарды сарамжалсыз, жоопкерчиликсиз пайдалануу ар түрдүү биоценоздорго өсүмдүктөр жана жаныбарлардын флора, фауналарынын биомассасына, жыштыгына тескери таасирин тийгизүүдө. Малдын саны көбөйүшү жана табигый тоют жерлердин начарлашы жайыттарды ашыкча оорчулукка дуушарланткан. Эгерде айыл жанындагы жайыттарга болгон оорчулук 1980-90-жылдарда1 гектарга - 1,18 шарттуу кой-эчки башын жана 0,24 шарттуу ири мүйүздүү мал башын түзсө, анда азыркы мезгилде тиешелүү түрдө 1,43 жана 0,28 шарттуу мал башын түзгөн, бул болсо экологиялык негизделген нормалардан 1,5-2 эсеге ашып кеткен. Айрым айыл жанындагы жайыттарга күч келүү (өзгөчө түштүк облустарда) нормадан 3-4 эсеге ашкан учурлар кездешет.

Жашыл экономика программаларын ишке ашыруу максатында жайыт ресурстарын пайдалануу ишиндеги маанилүү маселенин бири жайыттарды башка максаттар үчүн пайдалануу маселеси, аларга төмөнкүлөр кирет, бирок булар менен чектелбейт: мергенчилик, балчылык, дары чөптөрдү, мөмө-жемиштерди чогултуу, чөп чабуу, отун даярдоо, аз көлөмдө пайдалуу кен казуу, туризм жана жарандардын эс алуусу. Жайыттарды жамааттык пайдаланууну караштырган мал чарбачылыкка салыштырмалуу жайыттарды башка максаттар үчүн пайдалануунун өзгөчөлүгү пайдалануунун жекече мүнөзүндө камтылган, бул болсо жайыт участогунун чек аралары жана башка маселелерди чечүүдө так маалыматтардын болушун камсыз кылат. Мисалы, геологиялык-чалгындоо иштери, жайыт аркылуу суу түтүктөрүн өткөрүү.

Башка максаттар үчүн жайыт пайдалануу боюнча жалпы эрежелердин жоктугу натыйжалуу эмес пайдаланууга жана талаш маселелерди чечүү үчүн укуктук каражаттардын жок болушуна алып келет.

Кыргызстандын Узбекстан, Таджикстан мамлекеттери менен чектеш участокторунда коңшу мамлекеттердин айыл тургундары тарабынан Кыргызстандын жайыттарын башаламан пайдалануу маселеси өтө курч турууда, ушуга байланыштуу чектеш жамааттар ортосунда жаңжалдар чыгууда. Бул проблема коңшу мамлекеттердин тургундарынын өз ара мамилесине терс таасирин көрсөтүүдө. Азыркы учурда эреже катары бул жаңжалдар сезондуу мүнөзгө ээ болуп, жазында жана күзүндө, өзгөчө айыл чарба жумуштарынын жана жыйын сезонунун башталышында жана аягында курчуй баштайт. Бул проблеманы чечүү үчүн колдонуудагы мыйзамдардын алкагында чектеш аймактарда жайгашкан жайыттарды сарамжалдуу жана натыйжалуу пайдалануу боюнча ар бир тараптардын өз ара кызыкчылыктарын белгилөө менен иштиктүү диалог түзүү зарыл.

Азыркы учурда агрардык сектордо, мал чарба продуктуларын чыгарууда майда фермерлер үстөмдүк кылаары маанилүү, жана товар өндүрүүчүлөрдүн ушул тобу айыл чарба секторунда кыйла өсүп келе жаткан динамикалуу звено. Бул Жашыл экономикалык өнүгүүнүн жана жакырчылыкты азайтуунун негизги булагы болгон ушул өсүштүн туруктуулугун колдоого жана камсыз кылууга багытталган. Мал чарба секторун өнүктүрүү жана анын өсүшү базардагы суроо-талаптын жана сунуштун күчү менен аныкталат жана ушул секторго натыйжалуу жардамчы кызмат көрсөтүүлөр, улуттук саясат жана ченемдик укуктук база талап кылынат.

Мамлекеттик менчиктеги жайыттарды пайдалануу чөйрөсүндө жергиликтүү жамааттарга, алардын өкүлдүк жана тескөөчү органдарына тиешелүү ыйгарым укуктарды, милдеттерди жана жоопкерчиликти өткөрүп берүү жана жүктөө аркылуу жайыт ресурстарын башкарууга жайыт пайдалануучуларды активдүү тартуу менен бардык тараптардын кызыкчылыктарына жооп берген жайыт башкаруу жана пайдалануунун комплекстүү жана туруктуу системасын ишке киргизүү зарыл.

**Жыйынтыктоо.** Жайыттары трагедиядан алып калуунун бирден бир жолдору.

1. Жайыт комитеттеринин Кыргыз Республикасынын « жайыт жөнүндөгү» мыйзамдарына ылайык жайыт пайдалануучулар менен пландуу, бирдиктүү иш алып баруу керек.

2. Жайыт комитеттери тарабынан иштелип чыккан жана жергиликтүү кеңештер бекиткен жайыт пайдалануу жана башкаруу боюнча иш планынын негизинде жайыт ресурстарын пайдалануу, өсүмдүк жана жаныбарлар дүйнөсүн сейрек кездешүүчү жана жоголуп бара жаткан ошондой эле Кызыл китептеги түрлөрдү сактоо, коргоо үчүн шартарды түзүү.

3. Жайыттардын түрүнө жараша сезондун өз мезгилдеринде жайытты туура, пландуу, пайдалануу дегидротациядан, эрозиядан сактоо.

4. Жайыттардын учурдагы пайдаланышы,

- жайыт участокторунун абалы жөнүндө;
- мал жайуу үчүн жайыт билеттерин берүү, каттоо;
- ар бир жайыт участогуна чыгуучу малдардын санын аныктоо;
- жайыт пайдалануу үчүн чөп ооз акыны белгилөө;
- жайыттарды башка максаттарда пайдаланууну уюштуруу боюнча малыматтарды даярдоо, таркатуу керек.

5. Алыскы жайкы жайыттарды Кичи Алай, Чон Алай аймагындагы жайлоолорундагы жайыттарды пайдалануу үчүн шарттарды түзүү менен жайыт пайдалануучулар менен кеишим түзүү.

6. Деградациялык процесстерди азайтуу жана табигый жерлердин түшүмдүүлүгүн жогорулатуу боюнча жайыттарды пайдалануу жана баалоо боюнча заманбап ыкмаларды, инновациялык технологияларды, илимий изилдөөлөрдү жана сунуштарды иштеп чыгуу;

**Адабияттар:**

1. Кулназаров Б. Общая экологии. – Ош, 2000.
2. Дре. Д. Экология. - М., 1976.
3. Дювинью П., Танг М. Биосфера и место в ней человека. – М., 1973.
4. Интернет маалымыттары «Жайытты уюштуруу жонундо».
5. Абдибайитова А.А., Даовлатова Ф.М., Калыков Б.О. Влияние отходов производства цветных металлов на здоровье человека. / Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана. 2022. №. 2. - С. 58-60.